ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, жактырылды
Протокол № 5
«27» январь 2025-ж.

БЕКИТЕМИН
ТалМУнун ректору техн.и.д., профессор Ж.С. Шаршеибиев
_______________
«27» ________ 2025-ж.

**Талас мамлекеттик университетинин "Шакирт" окуу-өндүрүштүк борбору жөнүндө**
**Ж О Б О**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жобо Талас мамлекеттик университетинин алдында уюшулган «Шакирт» окуу-өндүрүштүк борборунун (мындан ары «Шакирт» ОӨБ) статусун, максатын, милдеттерин жана негизги ишмердик түрлөрүн аныктайт.

1.2. «Шакирт» ОӨБ түзүмдүк бөлүм болуп саналат жана кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү боюнча билим берүү программаларын ишке ашыруу менен коммерциялык ишмердик жүргүзөт. Бул программалар кесиптик стандарттарга, кесиптик билиминдеги талаптарга, көндүмдөргө ылайык иштелип чыгып тиешелүү кесиптик квалификацияларга ээ болгон жумушчу адистерди кыска мөөнөттө даярдоо үчүн колдонулат.

1.3. «Шакирт» ОӨБ өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ТалМУнун уставына, ушул Жобого жана башка ички укуктук-ченемдик актыларга ылайык жүргүзөт. «Шакирт» ОӨБ юридикалык жак эмес жана ТалМУнун окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ТалМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет, кайра уюштурулат же жоюлат.

1.4. «Шакирт» ОӨБнун түзүмү квалификациялуу жумушчуларды, кенже кызматчыларды жана колдонмо кесиптеги адистерди даярдоо боюнча адистиктердин курамын эске алуу менен түзүлөт.

1.5. Өндүрүштүк окутуу программаларын аткаруу үчүн зарыл болгон мүлктөр ТалМУнун балансынан бөлүнүп оперативдүү башкарууга берилет.

1.6. «Шакирт» ОӨБ маалыматтык - телекоммуникациялык тармактарда, анын ичинде ТалМУнун расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтардын ачыктыгын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

1.7. Аталышы мамлекеттик тилде:
- толук - Талас мамлекеттик университетинин «Шакирт» окуу-өндүрүштүк борбору;
- кыскача - ТалМУ «Шакирт» ОӨБ;

расмий тилде:
- толук -Учебно-производственный центр «Шакирт» Таласского государственного университета;
- кыскача - УПЦ «Шакирт» ТалГУ

1.8. Дареги: Кыргыз Республикасы, Талас шаары, И.Сарыгулов көчөсү, 17.

## 2. Максаттары, милдеттери, ишмердүүлүгүнүн түрлөрү жана укуктары

2.1. «Шакирт» ОӨБнын максаттары төмөнкүлөрдү камтыйт:

2.1.1. ТалМУнун студенттеринин кошумча жумушчу адистиктерине ээ болуу кызыкчылыктарын канааттандыруу.

2.1.2. Окуучулардын практикалык окутуудагы керектөөлөрүн, юридикалык жана жеке жактардын «Шакирт» ӨӨБда өндүрүлүүчү продукцияларга, аткарылуучу жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыктарын камсыз кылуу.

2.1.3. Ишкердик жана башка киреше алып келүүчү иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу процессинде оптималдуу пайда алуу.

2.1.4. Окуу мезгилинде кошумча жумуш орундарын түзүү, анын учурунда окуучуларды кесиптин түрлөрүнөн толук өндүрүштүк практикадан өткөрүү.

2.2. Негизги милдеттери:

2.2.1. Окуучулардын өндүрүштүк окутуу программаларын сапаттуу аткаруу, аларда эмгекти жана тандап алган кесибин, же адистигин урматтоого тарбиялоо үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу.

2.2.2. Кесиптик билим берүүнүн сапатын окуучулардын өндүрүштүк эмгеги менен тереңирээк жана толук байланыштыруу, практикалык көндүмдөрдү жана жабдууларды, техниканы, прогрессивдүү технологияларды жана өндүрүштүк процесстерди башкарууну натыйжалуу пайдалануу жөндөмүн өздөштүрүү аркылуу өркүндөтүү.

2.2.3. Сапаттуу продукцияны өндүрүү, жумуштарды талаптагыдай аткаруу жана кызматтарды сапаттуу көрсөтүү.

2.2.4. «Шакирт» ӨӨБ өзү иштеп тапкан жана сырткы демөөрчүлөр тарабынан каржыланган каражаттар аркылуу өзүнүн материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу.

2.3. «Шакирт» ӨӨБ төмөнкү ишмердүүлүктөрдү ишке ашырат:

2.3.1. Белгиленген милдеттерди аткаруу үчүн «Шакирт» ӨӨБ төмөнкү ишмердүүлүк түрлөрүн жүргүзө алат:

- жумушчулардын, кенже кызматчылардын жана колдонмо кесиптүү адистердин квалификациясын жогорулатуу;
- жумушчуларды жана кызматкерлерди кесиптик кайра даярдоо (экинчи (жакын) кесиптерди үйрөтүү, максаттуу курстарда окутуу, анын ичинде конкреттүү жумуш ордуна, конкреттүү жабдууларга даярдоо);
- кесиптик окутуу;
- жумушчу кадрларды жана кызматчыларды даярдоого комплекстүү тапшырыкты түзүү максатында Талас облусунун уюмдары, ишканалары менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу.

2.3.2. Ишкердиктин жана башка киреше алып келүүчү иштин ар бир түрү боюнча акы төлөмө кызматтардын прейскуранты «Шакирт» ӨӨБ тарабынан иштелип чыгат жана ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

2.4. «Шакирт» ӨӨБ төмөнкү укуктарга ээ:

2.4.1. Ушул Жобо менен ага берилген ыйгарым укуктардын чегинде өзүнүн ишкердик жана киреше алып келүүчү кошумча иштерин өз алдынча жүзөгө ашырууга.

2.4.2. ТалМУдан бекитилип берилген мүлктү өзүнүн ишкерлигинде жана башка киреше алып келүүчү иштерде пайдаланууга.

2.4.3. Өз ыйгарым укуктары чегинде ТалМУнун башка бөлүмдөрү менен ички мамилелерди түзүүгө.

2.4.4. Өндүрүлгөн продукциянын, аткарылган иштердин жана көрсөтүлгөн кызматтардын номенклатурасын кеңейтүүгө.

2.4.5. Керектелүүчү чыгым заттарын жана материалдарын сатып алууга.

2.4.6. «Шакирт» ӨӨБнун өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн эсебин жүргүзүүгө жана ишмердүүлүгү боюнча маалымат берүүгө.

2.4.7. Практикалык окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү туура колдонууга.

2.4.8. ТалМУнун тапшырыктарынан тышкары өндүрүлгөн жана милдеттүү номенклатурага кирбеген өз продукцияларынын, иштеринин, кызмат көрсөтүүлөрүнүн жана сатуу- сатып алуунун багыттарын аныктоого.

### 3. «Шакирт» ОӨБ башкаруу

3.1. «Шакирт» ОӨБны башкаруу ТалМУнун ректору дайындаган жана ага түздөн-түз баш ийген директор жүргүзөт. Директордун кызмат ордуна, эреже катары, окутулуучу жумушчу квалификациялардын бири боюнча жогорку же орто кесиптик билими бар жана адистиги боюнча 3 жылдан кем эмес практикалык эмгек тажрыйбасы бар жаран дайындалат.

3.2. «Шакирт» ОӨБнын директорунун милдеттери:

3.2.1. «Шакирт» ОӨБнун бардык окуу, өндүрүштүк, чарбалык ишмердүүлүгүн, каржылык, келишимдик жана эмгек тартибинин сакталышын уюштурат жана көзөмөлдөйт.

3.2.2. Керектүү кадрларды тандоону жүзөгө ашырат.

3.2.3. Директордун, анын орун басарларынын жана башка кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аныктайт жана аларды бекитүү үчүн ТалМУнун ректоруна сунуштайт.

3.2.4. ТалМУнун окуу бөлүмү менен бирдикте окуучулардын окуу пландарына жана программаларына ылайык өндүрүштүк окутуудан өтүшүн камсыздайт.

3.2.5. «Шакирт» ОӨБнын өндүрүштүк жана каржылык планынын аткарылышын камсыз кылат.

3.2.6. «Шакирт» ОӨБнун директору ТалМУнун атынан ишеним кат аркылуу башка уюмдар менен жарандык-укуктук келишимдерди түзүүгө укуктуу.

3.2.7. «Шакирт» ОӨБга илимдин, жаңы технологиялардын жетишкендиктерин жана алдыңкы тажрыйбаларды киргизүүнү ишке ашырат.

3.2.8. «Шакирт» ОӨБнун материалдык-техникалык жабдуусун сапаттуу камсыздоону уюштурат.

3.2.9. Ички өндүрүштүк жана материалдык ресурстарды мобилизациялоо, окутуунун сапатын, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана продукциянын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жакшыртуу боюнча иш-чараларды өткөрөт.

3.2.10. «Шакирт» ОӨБда өндүрүлгөн продукциясын бөлүштүрөт жана биринчи кезекте өндүрүлгөн продукция ТалМУнун жана «Шакирт» ОӨБнын керектөөлөрүн толук камсыз кылууга милдеттүү. Калган продукцияны белгиленген тартипте базар баалары боюнча сатууну уюштурат.

3.2.11. ТалМУнун «Шакирт» ОӨБга бекитип берген негизги каражаттардын, жабдуулардын жана башка мүлктүн сакталышы жана оң абалда болушу үчүн материалдык жоопкерчилик тартат.

3.2.12. Эмгекти коргоо, коопсуздук техникасы, өндүрүштүк санитария жана өрт коопсуздугу боюнча белгиленген талаптардын аткарылышын камсыз кылат.

3.2.13. Эсепке алуу жана отчеттуулукту жүргүзүү үчүн жоопкерчилик тартат, отчетторго, маалымкаттарга жана «Шакирт» ОӨБнын башка документтерине кол коет.

3.2.14. Жылдык иш пландарды иштеп чыгат жана ал пландарды ТалМУнун ректоруна кароого жана бекитүүгө берет.

3.2.15. ТалМУнун ректоруна кирешелерди жана пайдаларды бөлүштүрүү, «Шакирт» ОӨБнын кызматкерлерин кабыл алуу, бошотуу, аларды сыйлоо жана аларга жаза колдонуу боюнча сунуштарды берет.

3.2.16. «Шакирт» ОӨБнын ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселелер боюнча ага берилген ишеним катта аныкталган ыйгарым укуктардын чегинде ТалМУнун атынан бардык кызыкдар уюмдарда өкүлчүлүк кылат.

3.3. «Шакирт» ОӨБнын директору ошондой эле аны менен түзүлгөн эмгек келишиминде, кызматтык нускамада жана ТалМУнун башка локалдык ченемдик актыларында каралган башка укуктарга жана милдеттерге ээ.

## 4. Окуу-өндүрүштүк ишмердүүлүктү уюштуруу

4.1. «Шакирт» ОӨБнын окуу-өндүрүштүк ишмердигинин тизмеси окуу жана башка пландардын, программалардын негизинде түзүлүп ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет, мында билим алуучуларды өндүрүштүк окутуу, продукция чыгаруу, жумуштарды аткаруу жана кызмат көрсөтүү үчүн шарттарды камсыз кылуу эске алынат.

4.2. «Шакирт» ОӨБнын иштөө режими ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамдарынын талаптарын, эмгекти коргоо эрежелерин жана нормаларын, коопсуздук техникасын жана өрт коопсуздугун эске алуу менен түзүлөт.

4.3. «Шакирт» ОӨБнын кызматкерлеринин штаттык саны ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

4.4. «Шакирт» ОӨБнын негизги жумуштарын анын кызматкерлери жана окуутучулары аткарышат.

4.5. «Шакирт» ОӨБнын педагогикалык ишмердүүлүгүнө ТалМУнун штаттык окутуучулары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте айкалыштырып иштөө же саатына эмгек акы төлөө шарттарында уюмдардын (ишканалардын, бирикмелердин) адистери да тартылышы мүмкүн.

4.6. «Шакирт» ОӨБда устаттардын функцияларын директор тарабынан аныкталган өндүрүштүк окутуу устаттары жана/же кызматтык нускамага ылайык «Шакирт» ОӨБнын окутуучулары аткарышат.

4.7. Окуучулар окутуучулардын жана өндүрүштүк окутуу устаттарынын жетекчилиги астында кесиптик окутуунун билим берүү программаларына ылайык өндүрүштүк компетенциялардын тизмесине ылайык окуудан өтүшөт.

4.8. Окутуунун мөөнөтү өз алдынча иштелип чыгуучу жана бекитилүүчү кесиптик окутуунун негизги программалары менен аныкталат жана окутуу процессинде окуп жаткан окуучу ээ болууга тийиш болгон жалпы жана кесиптик компетенциялардын санына жараша болот.

4.9. Окуу тобунун саны 7ден 20га чейин окуучуну түзөт.

4.10. Окутуу окугандардын тандоосу боюнча мамлекеттик же официалдуу тилдерде жүргүзүлөт.

4.11. «Шакирт» ОӨБда өндүрүштүк окууну уюштуруу шарттарын түзүү жана окуу объектилеринин иштөөсү үчүн зарыл болгон чыгымдар, киреше алып келүүчү иштерден түшкөн кирешелердин жана чыгашалардын сметасына киргизилет.

4.12. «Шакирт» ОӨБ өндүргөн продукцияны иштеп чыгуунун, продукциянын бирдигине чийки заттарды жана материалдарды сарптоонун нормалары «Шакирт» ОӨБ тарабынан аныкталат.

4.13. «Шакирт» ОӨБдо колдонулган жабдуулар, инвентарь жана башка техникалар ТалМУнун балансында турат.

4.14. «Шакирт» ОӨБнан түшкөн жалпы кирешенин 50% «Шакирт» ОӨБнын кызматкерлеринин айлык акысына багытталат, калган 50% коммуналдык чыгымдарды төлөөгө жана ТалМУнун материалдык-техникалык базасын чыңдоого жумшалат.

4.15. Окуу-өндүрүштүк ишмердүүлүктүн жыйынтыгы боюнча «Шакирт» ОӨБнын кызматкерлерине сыйлык берүү «Шакирт» ОӨБнын киреше тапкан каражатынан жүргүзүлөт.

Сыйлык берүү тартиби ТалМУнун ректору бекиткен «Шакирт» ОӨБнын кызматкерлерин сыйлоо жөнүндөгү Жобо менен аныкталат.

4.16. «Шакирт» ОӨБнын ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрү болуп кесиптик билим берүү программаларынын саны, адистерди практикалык даярдоого карата окуу базасынын талаптарга ылайык келиши жана адистиктери боюнча окуучулардын жалпы саны, ошондой эле түшкөн кирешенин көлөмү саналат.

**5. «Шакирт» ОӨБнын каржылык камсыздоосун уюштуруу**

5.1. «Шакирт» ОӨБда продукцияларын сатуу жана башка кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө түзүлгөн келишимдердин шарттарына ылайык жүргүзүлөт.

5.2. «Шакирт» ОӨБда окутуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы төлөө ТалМУнун алыш-бериш эсебине акча каражаттарын накталай эмес эсептешүү боюнча жүргүзүлөт.

5.3. «Шакирт» ОӨБнын каржылык жактан камсыздоосу төмөнкүлөрдөн турат:

- «Шакирт» ОӨБда аткарылган жумуштардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар;
- юридикалык жактар тарабынан кайтарымсыз негизде берилген гранттар;
- өз каалоосу менен ыктыярдуу мүлктүк максаттуу төгүмдөр, жеке жана юридикалык жактардан болгон кайрымдуулуктар;
- калкты иш менен камсыз кылуу кызматтарынын (борборлорунун) конкурстук жол-жоболордун негизинде бөлүштүрүлүүчү каражаттары.

5.4. «Шакирт» ОӨБны каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ТалМУнун Уставына каршы келбеген башка ыкмалар менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

**6. «Шакирт» ОӨБнын окуучулары**

6.1. «Шакирт» ОӨБнын кызматтарын керектөөчүлөр болуп төмөнкүлөр саналат:

- кошумча жумушчу адистиктерге ээ болууну каалаган ТалМУнун студенттери жана башка билим берүү мекемелеринин окуучулары, мында ТалМУнун студенттерине окуу үчүн акы төлөө боюнча жеңилдиктер берилет;
- жалпы орто билими бар жеке жактар (арыз берүүчүлөр);
- өз кызматкерлерин кесиптик даярдоого, кайра даярдоого жиберүүчү юридикалык жактар жана ар кандай уюштуруу-укуктук формадагы уюмдар;
- юридикалык жактар - каттоодо турган же иш менен камсыз кылуу кызматынын жолдомосу боюнча кесиптик даярдыктан (кайра даярдоодон) өтүүчү жумушсуз калкты окутууну, стажировкадан өткөрүүнү, сертификаттоону көздөгөн, калкты иш менен камсыз кылуунун мамлекеттик кызматынын бөлүмдөрү жана уюмдар.

6.2. «Шакирт» ОӨБга кабыл алуу окугандардын арыздарынын, юридикалык же жеке жактар менен түзүлгөн окутуу келишимдеринин, ТалМУнун тиешелүү эсебине жеке же юридикалык жактар тарабынан каражаттарды которуу жолу менен окутуу үчүн акы төлөөнүн негизинде жүзөгө ашырылат.

6.3. «Шакирт» ОӨБнун окуучулары төмөнкүлөргө укуктуу:

- өздөрүнүн жөндөмдөрүнө, муктаждыктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, борбордо түзүлгөн шарттарга карап, билим берүү программасын тандоого;
- ТалМУнун китепканасынын китепканалык-маалыматтык ресурстарын пайдаланууга.

6.4. «Шакирт» ОӨБнун окуучулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- «Шакирт» ОӨБнын ички тартип эрежелерин сактоого;

- билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга;

- окуучулардын жана «Шакирт» ОӨБнун кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;

- «Шакирт» ОӨБнын мүлкүнө аяр мамиле жасоого жана сактоого;

- «Шакирт» ОӨБнын билим берүү программасында каралган бардык текшерүү-баалоо жол-жоболорунан өтүүгө.

6.5. Окуучулардын укуктары жана милдеттери алар менен «Шакирт» ОӨБнын ортосунда түзүлгөн жекече келишимдерде дагы аныкталат.

6.6. Билим берүү программаларын өздөштүрүүнү баалоо учурдагы текшерүүнүн жана жыйынтыктоочу аттестациянын натыйжалары боюнча жүргүзүлөт.

6.7. Бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоону «Шакирт» ОӨБ тарабынан атайын түзүлгөн комиссиялар кабыл алат. Комиссиянын курамына билим берүү кызматын алууга кызыкдар уюмдардын же жеке иш берүүчүлөрүнүн өкүлдөрү катышат. Комиссиянын курамы ТалМУнун ректору тарабынан бекитилет.

## 7. «Шакирт» ОӨБнын отчёттуулугу

7.1. «Шакирт» ОӨБнын ишмердүүлүгү боюнча отчеттор «Шакирт» ОӨБнын директору тарабынан даярдалат. ТалМУнун ректордук кеңешмесинде айына бир жолу, Окумуштуулар кеңешинде жылына бир жолу каралат.

7.2. «Шакирт» ОӨБнын ишмердүүлүгү боюнча берилген бир жылдык отчету канааттандырарлык эмес деп ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинде чечим кабыл алынса анда директордун ээлеген кызмат орду каралат.

7.3. «Шакирт» ОӨБда финансылык, материалдык-техникалык каражаттарды жана бардык чарбалык - каражаттык операцияларды эсепке алуу, ошондой эле салык жана башка мамлекеттик уюмдарга тиешелүү отчетторду түзүү ТалМУнун пландоо-финансылык бөлүмү жана бухгалтериясы тарабынан жүргүзүлөт.

## 8. Корутунду жоболор

8.1. Бул жобо эки нускада түзүлүп, алардын ар бири бирдей юридикалык күчкө ээ. Алардын бири “Шакирт” ОӨБда, экинчиси ТалМУда сакталат.

8.2. Бул Жобого бардык өзгөртүүлөр “Шакирт” ОӨБнын директорунун сунушу менен ТалМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде киргизилет.

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**

ОИ иштери боюнча проректор,
ОУКтун төрагасы — Сурапов А.К.

Окуу бөлүмүнүн башчысы — Нукешов С.Т.